

***Мусаев С. Ж.,***
*КРнын Улуттук Илимдер Академиясынын*
*корреспондент-мүчөсү,*
*КРнын илимине эмгек сиңирген ишмер, профессор,*
*И. Арабаев атындагы*
*Кыргыз мамлекеттик университетинин*
*Лингвистика институтунун директору*

## Мамлекеттик идеология маселеси же профессор Э. Маанаевдин көз карашы

Кандай гана типтеги жана формадагы мамлекет болбосун, анын негизин идеология түптөөрү белгилүү. Идеология коомдук турмуштун баардык тармагын тепчип өткөн өзүнчө бир өзөк катары өнүгүүнү туура багытка салчу теориялык негиз болот. Ал канчалык деңгээлде турмушка шайкеш, бап келсе, реалдуу жана негиздүү болсо, өлкөнүн өнүгүшү, келечеги үчүн ошончолук мүмкүнчүлүк түзүлөт. Коомдун кызыкчылыгына төп келип, өлкөнүн өнүгүү багытына шайкеш иштелип чыккан идеология андагы кайра куруулардын, реформалардын маңыз-мазмунун аныктайт. Демек, мындан идеология мамлекеттин өнүгүү жолундагы өзгөчө түшүнүк, өзгөчө аң-сезим деген жыйынтык чыгат.

Арийне, бараар багытын аныктай албай, бороон айдаган калаксыз кайык сымал ар кайсы толкунга урунган биздин өлкө үчүн элдин аң-сезимине таасир этип, уюган коргошундай бириктирүүчү идеология иштеп чыгуу проблемасы бүгүнкү күндүн өктөм талабы. Элибиз, өзгөчө жаштарыбыз эмнени тумар тутуп, медер карманаарын билбей, бири«батыштын массалык жылаңач» идеологиясынын, бири диндин баш тумандаткан идеологиясынын, дагы бирлери үрп-адаттын кулчулук идеологиясынын туткунуна туштугуп турганда, белгилүү окумуштуу профессор Эгемберди Маанаевдин «Кыргызстандагы идеологиялык кырдаал жана анын келечеги» деген аталышта кыргызча, «Идеология современного Кыргызстана и ее перспектива»деген аталышта орусча китептери жарыкка чыкты. Бул китептин кыргызча-орусча варианттарында эч кандай концептуалдык айырмачылык жок. Болгону орусча вариантында мурдатан идеология жаатын башкарып, буга чейин улуттук дейбизби, мамлекеттик дейбизби идеология боюнча 20 га чукул атайын документ даярдоого активдүү катышкан саясатчы-идеологдордун, идеология боюнча концепция жазган үлкөндөрдүн рецензиялары китептин аягына кошо басылып чыкты. Албетте, бул дурус көрүнүш деп ойлойм. Себеби ал ой-пикирлер окурмандардын проблеманы түшүнүшүнө белгилүү даражада багыт берет. Айта кетчү бир жагдай: идеология боюнча ошол көп документтин бирин да бүткөн бүтүн концепция катары коомчулук кабыл албады. Башталбай жатып ташталып калды. Анткени

алар карандай абстрактуу жылаңач ой-пикирлерге жык толуп, коомдун социалдык өзгөрүүлөрү эске алынбаган. Профессор Э. Маанаев өзү белгилегендей, «ар бир коомдун өнүгүшүндө идеология өтө чоң роль ойнойт, элдин өздүк аң-сезиминин деңгээлин көрсөтүп, коомдо болуп жаткан коомдук-саясий, социалдык-экономикалык жаралуу-өзгөрүүлөрдүн маңыз-мазмунун аныктайт. Ал ар бир жеке адамдын да, коомдун да дүйнө таанымдык, таанып-билүүчүлүк көзкарашын калыптандырып өркүндөтөт». Демек, элдин жалпы кызыкчылыгын чагылдырып, мамлекеттин өнүгүшүнө төп келген идеология–коом алдында турган маселелерди ийгиликтүү чечүүнүн бирден-бир өбөлгөсү. Ушул өңүттө айтылган өз ойлорунун далили катары окумуштуу дүйнөлүк практикада сыналган бир катар мисалдарга таянып, Советтер Союзу деген улуу империяны чеңгелдеп турган коммунистик идеологиянын идеялары жашоо-турмушубуздун баардык багыттарын тескеп, Совет бийлигин орноотуудан, аны кеңири аймака таратуудан баштап, экономиканын, маданияттын, аң-сезимдин калыптанышына, Ата Мекендик Улуу согушта жеңип чыгууну камсыздоого, бүлүнгөн чарбаны калыбына келтирүү, коммунизимди куруу ишенимине чейин сиңип, коомду алга жылдыруунун негизги кыймылдаткыч, аныктагыч күчү болгону талашсыз экендигин көрсөтөт. Бүгүнкү тапта түзүлгөн реалдуу кырдаал өлкөнү өнүктүрүүнүн так иштелип чыккан стратегиясынын жоктугу, алигиче ички жана тышкы саясаттын так аныкталган багыттарынын белгисиздиги, багыттоочу курстун мажестиги менен мүнөздөлөт. Мунун баардыгы, албетте, окумуштуунун көз жаздымында калбаган. Ошондуктан изилдөөчү коомдун экономикалык, социалдык, саясий жана маданий чөйрөсүндөгү оор кризистин себебин идеологиялык вакумдан көрөт.

Арийне, күнкорсуздукка ээ болгон алгачкы күндөн тартып идеологиянын негизин иштеп чыгуу боюнча көп эле аракеттер болду. Бирок, тилекке каршы, анын баары ийгиликсиз аяктады. Анткени ал документтер, эң алды, кургак декларативдик мүнөздө гана« жылаңач мээнин»туундусу болуп калган, экинчиден, кыргыз коомундагы турмуштук реалдуулук эсеп-чотко алынбаган, үчүнчүдөн, алардын концептуалдык негизи илимий-теориялык базага эмес, эмпирикалык материалга таянган субьективдик көз караштан өйдө көтөрүлө албаган. Ачык айтышыбыз керек, ушу бүгүнкү күндө да биздин өлкө идеологиясыз жашап жатат. Калп айтуу, элди алдоо, материалдык байлыктын кулуна айлануу, көпөстүк–акча, акча «идеологиясы» өлкөнү чырмап баратат. Ушундай тапта жарык көрүп, коомчулуктун назарына коюлуп жаткан эмгек, биздин көзкарашта, өз учурунда чыккан, Кыргыз өлкөсүндө идеологияны түзүү, калыптандыруу боюнча илимий негизде жол издеген өтө зарыл эмгек десек болчудай. Анткени ал изилдөөдө азыркы дүйнөдөгү негизги идеологиялык концепциялар талдоого алынуу аркылуу биздин өлкөнүн реалдуулугу менен жуурулушуп, анын келечекте өнүгүү багытын аныктай ала турган моделди түзүү, идеологиялык концепцияны иштеп чыгуу сыяктуу орчундуу жагдайлар Кыргыз өлкөсүнүн кызыкчылыгына баш ийдирилип иштелиш зарылчылыгы негизделет.

Арийне, идеологиянын негиздерин иштеп чыгууда бүгүнкү күндө өлкө экономикасында, социалдык чөйрөсүндө болуп жаткан өзгөрүүлөрдү көңүл чордонунда кармоо өтө зарыл. Ушул жүйөөгө таянып окумуштуу Э. Маанаев коомдун социалдык-экономикалык жактан тереңдеп бара жаткан бөлүнүү-жиктелүүсүн идеология иштеп чыгуудагы башкы факторлордун бири катары карашы көңүл бура турган нерсе. Анткени, изилдөөчү өзү баса белгилегендей, ар бир социалдык катмардын өз турмуш-тиричилигине, керектөөлөрүнө, муктаждыктарына жана аң-сезимине мүнөздүү өз идеологиясы болот, андан калса Кыргыз мамлекети–көп улут өкүлдөрү жашап жаткан өлкө, андыктан идеология иштеп чыгууда бул фактор да эске алынышы шарт. Ошону менен эле катар идеология негизин иштеп чыгууда коомдогу ар түрдүү улуттук салт-санаа, үрп-адат, диндик ар түрдүүлүк менен байланышкан жагдайлардын эске алынышы маанилүү, анткени булар да каалайбызбы же каалабайбызбы адам жашоо-тиричилигинде аныктоочу даражага ээ.

Албетте, тарыхый өнүгүүнүн белгилүү бир этаптарында уруулук түзүлүш кыргыз коомунун кызыкчылыгына төп келип, аны сырткы күчтөрдөн коргоп, өз алдынча өнүгүшүн камсыз кылган. Ал кадимки эле укуктук норманын негизинде кыргыз элинин жошоо-турмушунун баардык жагын тескеп келген жана бул нормалардын негизинде кыргыз элинин укуктук маданияты, өзүн-өзү таануу, өзүн өзгөгө таанытуу аң-сезими калыптанган. Бирок мезгил өзгөрдү, кыргыз жашаган мурдагы коом өзгөрдү. Ошондой жаңы шартта укуктук нормага негизделген уруулук түзүлүштүн жол-жоболору мурдакыдай роль ойнобой калды. Ушуну туура баамдаган окумуштуу айрым бир жеке өз кызыкчылыгына дөгүрсүгөн жоопкерчиликсиз саясий, коомдук, мамлекеттик«ишмерлердин» уруулук салт-санаанын, үрп-адаттын негизинде идеология түзүүгө аракеттенүүлөрүн таптакыр алгылыксыз деп четке кагуу менен, мындай жосунсуз аракеттер коомдук турмушта деструктивдүү, а түгүл түздөн-түз реакциячыл кырдаалды жаратышы ыктымал экендигин жана бул элге, өзгөчө жаштарга терс таасир этээрин эскертет. Коом турмушунда идеологиянын маанисин, ролун баса белгилөө аркылуу окумуштуу Э. Маанаев дүйнөлүк практикада жашап жана колдонулуп жүргөн идеологиялык багыттарды терең талдоого алат да, биздин өлкөдө мамлекеттик идеология иштеп чыгыш зарылдыгын көрсөтөт. Мындай бүтүмгө Кыргызстандагы реалдуу кырдаалды талдоонун натыйжасында келген автордун белгилөөсүндө социалдык-экономикалык жиктелүү жогорку чегине жетип, кыргыз коому байларга жана жардыларга ачыктан-ачык эле жиктелип, элдин биримдиги жоголгон шартта кайсы улуттук идеология жөнүндө көп болушу мүмкүн, байлар өзүнчө, жардылар өзүнчө идеяга ээ.

Туура, байлардын өзүнчө, жардылардын өзүнчө идеялары, идеялдары бар. Бул–алардын социялдык-экономикалык гана айырмачылыгы, жиктелүүсү. Кыргыз элинин жалпы саясий, улуттук, аймактык, эң негизгиси, аң-сезимдик биримдиги жоголгон, жоюлган жок.

Э. Маанаевдин биз пикир айтып жаткан эмгегинин баш аягын кармап турган туташ ой–бүгүнкү күндө мамлекеттик идеологиянын жоктугу мамле-

кеттик органдардын ишинин натыйжасыздыгынын, майнапсыздыгынын негизги фактору экендиги. Идеологияга таянбастан коомдук турмуштун аркыл тармактарында жүргүзүлгөн сансыз реформалар убакытты, акча каражатын, күч-аракети жеп, аягына чыкпады, декларативдик мүнөздө жылаңач бойдон кала берди. Бүгүн да ушул кырдаал уланууда. Бул аз болуп жаткансып өлкөнүн өнүгүшүнө, жашашына теңирден тетири залал келтирип кемирип жаткан коррупция проблемасы да кулач жайганын автор баса белгилөө менен, аны жоюуда ийгиликке жетишкен өлкөлөрдүн так мисалдарына таянуу аркылуу бизде оң жылыштар, өзгөрүүлөр эл бирдиктүү бир идеялар, максаттар менен бириккенде гана башталат деген жыйынтыгын айтат.

Ошентип, окумуштуу Э. Маанаевдин эки вариантта аталган эмгектери бүгүнкү Кыргыз мамлекетинин алдындагы чоң проблемалардын бири- өлкөнүн өнүгүүсүнүн идеологиялык негизин түзүүнүн жол-жобосу, методу жана механизмдери жөнүндө окурмандарга, адистерге ой калчоого түрткү берген жана өтө зарыл мезгилде, өз учурунда жарык көргөн эмгек катары өзгөчө баалуу. Эмгекте идеологиялык ар кыл концепциялар: коммунистик, консервативтик, либералдык, диндик, демократиялык, үрп-адаттык идеологиялар жана алардын системалары терең талдоого алынуу менен, алардын кыргыз коомчулугу үчүн маани-маңызы, орду, ролу жөнүндө кызыктуу бир катар ойлор айтылат. Мындан сырткары эмгектин дагы бир өтө баалуу жагы айрым бир башка концепциялар сыяктуу «жылаңач мээнин» декларативдүү баяндоосу менен чектелбей, өлкөнүн экономикалык-социалдык өнүгүү моделдери, аларды модернизациялоо стратегиясы боюнча практикалык сунуштарды бергендиги менен өлчөнөт. Албетте, бул эмгектер- мамлекеттик идеология боюнча бүткөн бүтүн концепция эмес, ошол концепциянын концептуалдык багыттары боюнча терең изилдөөлөрдүн натыйжасында айтылган багыттуу көз караштардын системасы. Андыктан Э. Маанаевдин бул көзкараштары биздин өлкөдө мамлекеттик идеологияны иштеп чыгууда, сөзсүз түрдө, жаңы ойлордун айтылышына түрткү болуу менен, бул багытта аткарыла турган иштерди жигердештирүүгө, жалпылаштырууга көмөк көрсөтөт деген чоң ишенимдемин. . .